# ТҮРК ЖАНА КЫРГЫЗ ТИЛДЕРИНДЕГИ ТААНДЫК МААНИНИН БЕРИЛИШИ

**З.ДЕРБИШЕВА, Б.САГЫНБАЕВА**
Кыргыз–Түрк «Манас» университети

Таандык категориясы бардык түрк тилдеринде өнүккөн грамма–тикалык кубулуш болуп эсептелинет.

Башка түрк тилдериндегидей эле түрк жана кыргыз тилдеринде да зат атоочтун таандык (iyelik) категориясынын колдонулуш сферасы өтө кенен.

Бул категория затты, предметти, кубулушту үч жактын бирине таандык кылып көрсөтөт.

Эки тилде тең бул категория түрдүү жол менен берилет :

1. Морфологиялык жол.
2. Синтаксисттик жол.
3. Морфологиялык–синтаксисттик жол.

## Морфологиялык жол

Эки тилде тең таандык категориясынын эң кеңири колдонулушу морфологиялык жол аркылуу ишке ашат. Мында таандык маани сөзгө атайын мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу берилет. Бул мүчөлөр таандык мүчөлөр деп аталат.

Таандык мүчөлөр эки топко бөлүнөт: жакчыл таандык мүчөлөр жана жалпы таандык мүчөлөр.

Жакчыл таандык мүчө

| | Жекелик сан | | Көптүк сан | |
|---|---|---|---|---|
| □ жак | *атам* | *–babam* | *атабыз* | *–babamız* |
| □ жак | *атаң* | *–baban* | *атаңар* | *–babanız* |
| | *атаңыз* | *–babanız* | *атаңыздар* | *–babanız* |
| □ жак | *атасы* | *–babası* | *атасы* | *–babası, babaları* |

Жалпы таандык мүчө

| Жекелик сан | Көптүк сан |
|---|---|
| *менеки–benimki* | *биздики–bizimki* |
| *сеники–seninki* | *силердики–sizinki* |
| *сиздики–sizinki* | *сиздердики–sizinki* |
| *аныкы–onunki* | *алардыкы–onlarınki* |

Жакчыл таандык мүчөлөр зат атоочторго же заттык маанидеги башка сөз түркүмдөрүнө жалганып, аларды тиешелүү бир жакка таандык кылып көрсөтөт. Ар бир жакка тиешелүү жекелик жана көптүк сандагы мүчөлөр бар.

Түрк жана кыргыз тилдериндеги жакчыл таандык мүчөлөр, алардын варианттары төмөнкүдөй:

| Жак | Үндүүдөн кийин | Үнсүздөн кийин | Үндүү/үнсүздөн кийин |
|---|---|---|---|
| | | Жекелик сан | |
| I | *-m* | *-ım, -im -um, -üm* | *—м/—ым, —им, —ум, —үм* |
| II | *-n* | *-ın, -in*<br>*-un, -ün* | *—ң/—ың, —иң, —уң, —үң*<br>*—ңыз, —ңиз, —ңуз, —ңүз*<br>*—ыңыз, —иңиз, —уңуз, —үңүз* |
| III | *-sı, -si*<br>*-su, -sü* | *-ı, -i, -u, -ü* | *—сы, —си, —су, —сү*<br>*—ы, —и, —у, —ү* |
| | | Көптүк сан | |
| I | *-mız, -miz*<br>*-muz, -müz* | *-ımız, -imiz*<br>*-umuz, -ümüz* | *—быз, —биз, —буз, —бүз*<br>*—ыбыз, —ибиз, —убуз, —үбүз* |
| II | *-nız, -niz*<br>*-nuz, -nüz* | *-ınız, -iniz*<br>*-unuz, -ünüz* | *—ңар, —ңер, —ңор, —ңөр*<br>*—ыңар, —иңер, —уңар, —үңөр*<br>*—ңыздар, —ңиздер,*<br>*—ңуздар, —ңүздөр*<br>*—ыңыздар, —иңиздер,*<br>*—уңуздар, —үңүздөр* |
| III | *-ları* | *-leri* | *—сы, —си, —су, —сү*<br>*—ы, —и, —у, —ү* |

Келтирилген варианттардын колдонулушун төмөнкү мисалдар аркылуу тастыктоого болот:

Жекелик сан

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| *калемим* | *kalemim* | *апам* | *annem* | *өмүрүм* | *ömrüm* |
| *калемиң* | *kalemin* | *апаң* | *annen* | *өмүрүң* | *ömrün* |
| *калемиңиз* | *kaleminiz* | *апаңыз* | *anneniz* | *өмүрүңүз* | *ömrünüz* |
| *калеми* | *kalemi* | *апасы* | *annesi* | *өмүрү* | *ömrü* |

Көптүк сан

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| *калемибиз* | *kalemimiz* | *апабыз* | *annemiz* | *өмүрүбүз* | *ömrümüz* |
| *калемиңер* | *kalemin iz* | *апаңар* | *anneniz* | *өмүрүңөр* | *ömrünüz* |
| *калемиңиздер* | *kaleminiz* | *апаңыздар* | *anneniz* | *өмүрүңүздөр* | *ömrünüz* |
| *калеми* | *kalemi* | *апасы* | *annesi* | *өмүрү* | *ömrü* |

Таандык мүчөлөр сөз ичинде көптүк сандын мүчөсүнөн кийин келип да айтылат. Көптүк форма таандык мүчө уланып турган заттын көп экендигин туюндурат:

| | | | |
|---|---|---|---|
| *китептерим* | *kitaplarım* | *китептерибиз* | *kitaplarımız* |
| *китептериң* | *kitapların* | *китептериңер* | *kitaplarınız* |
| *китептериңиз* | *kitaplarınız* | *китептериңиздер* | *kitaplarınız* |
| *китептери* | *kitapları* | *китептери* | *kitapları* |

Таандыктын терс формасы кыргыз тилинде *«эмес»*, түрк тилинде *'değil'*сөздөрү аркылуу жасалат:

| | |
|---|---|
| *Жекелик сан* | *Көптүк сан* |
| *менин китебим эмес* | *биздин китебибиз эмес* |
| *сенин китебиң эмес* | *силердин китебиңер эмес* |
| *сиздин китебиңиз эмес* | *сиздердин китебиңиздер эмес* |
| *анын китеби эмес* | *алардын китеби эмес* |
| *benim kitabim değil* | *bizim kitabımız değil* |
| *senin kitabın değil* | *sizin kitabınız değil* |
| *onun kitabı değil* | *onlarınkitapları değil* |

Суроо формасы кыргыз тилинде*-бы (-би, -бу, -бү)* мүчөсү аркылуу; түрк тилинде *-mı (-mi, -mu, -mü)* мүчөсү аркылуу жасалат:

| | |
|---|---|
| *Жекелик сан* | *Көптүк сан* |
| *менин китебимби?* | *биздин китебибизби?* |
| *сенин китебиңби?* | *силердин китебиңерби?* |
| *сиздин китебиңизби?* | *сиздердин китебиңиздерби?* |
| *анын китебиби?* | *алардын китебиби?* |
| *benim kitabım mı?* | *bizim kitabımız mı?* |
| *senin kitabın mı?* | *sizin kitabınız mı?* |
| *onun kitabı mı?* | *onların kitapları mı?* |

Кыргыз жана түрк тилдериндеги таандык категориясы фонетика–нын мыйзам ченемдерин да чагылдырат. Мисалы *китеп* деген зат атооч *китебим* делип уңгунун аягындагы каткалаң үнсүз таандык мүчөдөгү үндүүнүн таасири менен жумшарып кетти да уңгу да, мүчө да фонетикалык өзгөрүүгө дуушар болду.

Анткени жумшаруу жана үндөштүк мыйзамына ылайык каткалаң үнсүз жумшак үнсүзгө өтөт, мүчөдөгү вууш үндүү төрт фонетикалык вариантта өзгөрөт.

| | | | |
|---|---|---|---|
| кырг.: | *китеп+ ы → китеби* | түрк.: | *kitap + ı → kitabı* |
| | *бутак + ы → бутагы* | | *ağaç+ ı→ ağacı* |
| | *кеп + ы → кеби* | | *yurt + ı → yurdu* |
| | *күрөк+ ы → күрөгү* | | *yatak + ı → yatağı* |
| | *топ + ы → тобу* | | *mutfak + ı → mutfağı* |
| | *көп + ы → көбү* | | *çorap + ı → çorabı* |

Эки тилде тең кээ бир сөздөрдүн аягындагы каткалаң үнсүздөр жумшарууга учурабайт:

| | |
|---|---|
| *ат + ым → атым* | *at + ım → atım* |
| *чач + ым → чачым* | *saç + ım → saçım* |
| *сүт + ым → сүтүм* | *süt + ım → sütüm* |
| *банк + ым → банкым* | *bank + ım → bankım* |

# ТҮРК ЖАНА КЫРГЫЗ ТИЛДЕРИНДЕГИ ТААНДЫК МААНИНИН БЕРИЛИШИ

Түрк жана кыргыз тилдеринде таандык мүчөнүн жалганышы аркылуу кээ бир унгу сөздөрдүн тыбыштык составы кыскарып кетет:

| | |
|---|---|
| кырг.: *дайын + ы → дайны* | *түрк.: ağız + ı → ağzı* |
| *мурун + ы → мурду* | *burun + ı → burnu* |
| *карын + ы → карды* | *karın + ı → karnı* |
| орун + ы → *орду* | *alın + ı → alnı* |
| *эрин + ы → эрди* | *beyin + ı → beyni* |
| *ийин + ы → ийни* | *akıl + ı → aklı* |
| *моюн + ы → мойну* | *boyun + ı → boynu* |
| *айыл + ы → айлы* | *şehir + ı → şehri* |
| *убакыт + ы → убакты* | *isim + ı → ismi* |

Жакчыл таандык мүчөлөр үч жактын бирине таандык экендикти билгизгендиги боюнча өз ара жалпылыкты түзгөнү менен, кайсы санга, кандай формага тиешелүү экендикти туюндурушу жагынан айырмаланып турат. Анткени биринчи жактын таандык мүчөлөрү жакты да, санды да (жекелик же көптүктү) билдирет:

| | | | |
|---|---|---|---|
| *үйүм* | *evim* | *үйүбүз* | *evimiz* |
| *элиң* | *halkın* | *элиңер* | *halkınız* |

Экинчи жактын таандык мүчөлөрү ушул эле маанилерди билдирүү менен бирге, кандай мамиледе (жайынча же сылык)экендикти да туюндурат.

| | | | |
|---|---|---|---|
| *үйүң* | *evin* | *үйүңөр* | *eviniz* |
| *үйүңүз* | *eviniz* | *үйүңүздөр* | *eviniz* |
| *элиң* | *halkın* | *элиңер* | *halkınız* |
| *элиңиз* | *halkınız* | *элиңиздер* | *halkınız* |

Үчүнчү жак, биринчиден, сөз, ой багытталып, бирок сөзгө катыш—паган тарап болгондуктан, экинчиден, ээлик, тиешелүүлүк, жакындык мамилелеринин өзгөчөлүгүнө карай үчүнчү жактын таандык мүчөсү кыргыз тилинде сандык өзгөчөлүктү кээде билдирсе, кээде билдирбейт. Ошондой эле кандай мамиледе экендикти билгизе албайт.

Мисалы:

*Алардын апа<u>сы</u> менен тааныштым.* (бир туугандардын апасы менен)

*Студенттердин апа<u>лары</u> менен тааныштым.* (студенттердин ар биринин апалары менен)

*Оморлордун үй<u>ү</u>нө барабыз.* (Омор жана анын бүлөсүнүн жашаган үйүнө)

*Мугалимдердин үй<u>лөрү</u>нө барабыз.* (мугалимдердин ар биринин үйлөрүнө)

Түрк тилинде үчүнчү жак, көптүк санда көптүк сандын мүчөсү дайыма таандык мүчөдөн мурун келип, сандык өзгөчөлүк менен бирге сый мамилени да билдирип турат:

*Müdürümüz sınıfımızı ziyaret ettiler. Kendi**<u>leri</u>** öğrencilere soru sordular.*

*Директорубуз биздин класска келди. Өзү окуучуларга суроо берди.*

| Жекелик сан | | Көптүк сан |
|---|---|---|
| *үйү—evi* | *үйү—evleri* | *үйлөрү— evleri* |
| *эли—halkı* | *эли—halkları* | *элдери—halkları* |

Түрк тилинде эки сөз: *su* жана *ne* сөздөрү башка сөздөргө караганда өзгөчө колдонулат:

| | |
|---|---|
| *su-y-um* | *ne-y-im* |
| *su-y-un* | *ne-y-in* |
| *su-y-u* | *ne-y-i* |
| *su-y-unuz* | *ne-y-iniz* |
| *su-lar-ı* | *ne-ler-i* |

Мында уңгу менен таандык мүчөнү бириктиргич тыбыш **у** тыбышы байланыштырып турат.

Жакчыл таандык мүчөнүн түркчө аталышы –iyelik eki (түрк. sahip-ээ) болсо, жалпы таандык мүчө aitlik eki (таандык, тиешелүү) деген термин менен белгиленет.

Жалпы таандыктын *-нықы//-nınki* мүчөсү зат атооч сөздөргө жалганып, башка бир затты өзү жалганган сөзгө таандык кылып көрсөтөт:

| | |
|---|---|
| *Бул китеп университеттики.* | *Bu kitap üniversiteninki.* |
| *Меники андан жакшы.* | *Benimki daha güzel.* |

Түрк тилинде жалпы таандык мүчө *-nın* менен *-ki* мүчөлөрүнүн биригиши аркылуу пайда болуп, өзү жалганган атооч сөздүн тутумунда жалпы таандык мааниде колдонулат.

Мисалы:

| | Жекелик сан | | Көптүк сан | |
|---|---|---|---|---|
| I жак: | *benimki* | *меники* | *bizimki* | *биздики* |
| II жак: | *seninki* | *сеники* | *sizinki* | *силердики* |
| | *sizinki* | *сиздики* | *sizinki* | *сиздердики* |
| III жак: | *onunki* | *аныкы* | *onlarınki* | *алардыкы* |

Түрк тилинде, кыргыз тилинен айырмаланып, *-ki* мүчөсү сингармонизмге баш ийбейт. Мисалы :

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| *o* | *onun* | *onunki* | *ал* | *анын* | *аныкы* |
| *baba* | *babanın* | *babanınki* | *ата* | *атанын* | *атаныкы* |
| *Aziz* | *Aziz'in* | *Aziz'inki* | *Азиз* | *Азиздин* | *Азиздики* |

Кыргыз тилинде жалпы таандык мүчө бирөө эле. Кыргыз тилиндеги жалпы таандык *-ныкы* мүчөсү тарыхый жагынан илик жөндөмөнүн *-нын* мүчөсү менен *-кы* мүчөсүнүн айкашынан турат. *-ныкы* мүчөсүнүн тутумундагы *–нын* дын акыркы *н* тыбышы кыскарып, жөндөмөлүк баштапкы маанисин жоготуп, мүчөдөгү *-кы* мүчөсү менен бирге, өзүнчө мүчө катарында калыптанып калган. Мунун баштапкы формасы түрк тилинде сакталган. Салыштырыңыз, түркчө *baba-nınki, anne-ninki* ж.б.

Кыргыз тилиндеги жалпы таандык мүчөнүн фонетикалык варианттары төмөнкүлөр:

үндүүлөрдөн кийин: *-нықы, -ники, -нуку, -нүкү*

жумшак үнсүздөрдөн кийин: *-дыкы, -дики, -дуку, -дүкү*

каткалаң үнсүздөрдөн кийин: *-тыкы, -тики, -туку, -түкү*

Түрк тилинде жалпы таандык мүчө жалганган ат атоочко милдеттүү түрдө этиштин *-dir* мүчөсү жалганат :

| | |
|---|---|
| *Bu defter benimkidir.* | *Бул дептер меники.* |
| *Şu kitap seninkidir.* | *Ушул китеп сеники.* |
| *Bu kalem onunkidir.* | *Бул калем аныкы.* |

### Синтаксистик жол

Мында таандык маани илик жөндөмөдөгү жактама ат атооч менен таандык мүчө уланбаган зат атоочтун айкашы аркылуу берилет.

Мындай учурда сөз айкашынын экинчи түгөйү аныкталгыч зат болуп, биринчи түгөйү аныктагыч болуп эсептелет. Таандык мүчө уланбаган аныкталгыч зат кенен мааниге ээ экендигин, көп жакка таандык экендигин билдирет. Мисалы *айыл биз*ден башка да *силер*ге, *сиздер*ге, *алар*га таандык.

Мисалы :

| | | | |
|---|---|---|---|
| кырг.: | *биздин мейманкана* | түрк.: | *benim kız* |
| | *биздин айыл* | | *bizim ev* |
| | *биздин максат* | | *bizim köy* |
| | *сиздердин группа* | | *sizin araba* |
| | *силердин айыл* | | *sizin çanta* |

Кыргыз тилинде бул типтеги сөз айкашынын биринчи компоненти катары бардык жактама ат атоочтор колдонула бербейт. Анткени иликтеги сөз көптүк түрдөгү ат атоочтордон болсо, аныкталгыч таандык мүчөсүз колдонулушу мүмкүн, ал эми аныктооч ат атоочтордун жекелик түрүнөн болсо, аныкталгычтагы таандык мүчө түшпөйт.

Мындай формадагы сөз айкашында таандык мүчө айрыкча ыр уйкаштыгына байланыштуу түшүп айтылат. Түрк тилинде оозеки речте гана колдонулат.

### Морфология–синтаксисттик жол

Мында таандык маани илик жөндөмөсүндөгү ат атооч менен таандык мүчөлүү зат атоочтун айкашы аркылуу берилет. Мында да биринчи ком–понент аныктоочтун, экинчи компонент аныкталгычтын милдетин аткарат. Бул жагынан синтаксисттик жолго окшоп кетет. Бирок морфология–синтаксисттик жолдо аныкталгычка таандык мүчөлөр уланат:

*биз<u>дин</u> бөлмө<u>бүз</u>* – *bizi<u>m</u> oda<u>mız</u>*

Мына ушул белгиси жагынан морфологиялык жолго окшош. Демек, морфологиялык да, синтаксисттик да белгилери бар болгондуктан бул жол– морфология–синтаксисттик жол деп аталат.

Өйдөкү маани көбүнчө төмөнкүдөй туюнтулат:

Жекелик сан

| | | |
|---|---|---|
| ☐ жак: | *менин атам, апам, үйүм* | *benim babam, annem, evim* |
| ☐ жак: | *сенин атаң, апаң, үйүң* | *senin baban, annen, evin* |
| | *сиздин атаңыз, апаңыз, үйүңүз* | *sizin babanız, anneniz, eviniz* |
| ☐ жак: | *анын атасы, апасы, үйү* | *onun babası, annesi, evi* |

Көптүк сан

| | | |
|---|---|---|
| ☐ жак: | *биздин атабыз, апабыз, үйүбүз* | *bizim babamız, annemiz, evimiz* |
| ☐ жак: | *силердин атаңар, апаңар, үйүңөр* | *sizin babanız, anneniz, eviniz* |
| | *сиздердин атаңыздар, апаңыздар, үйүңүздөр* | *sizin babanız, anneniz, eviniz* |
| ☐ жак: | *алардын атасы, апасы, үйү* | *onların babaları, anneleri, evleri* |

Биринчи компоненти илик жөндөмөдө, экинчи компоненти III жактын таандык мүчөсүндө турган зат атоочтук конструкция да таандык маанини билдирет жана ал таандык маанинин берилишинин экинчи жолу болуп эсептелет.

| | | |
|---|---|---|
| Мисалы: | *гүлдүн жыты* | *çiçeğin kokusu* |
| | *машинанын түсү* | *arabanın rengi* |
| | *үйдүн эшиги* | *evin kapısı* |

Таандык маанинин берилишинин бул жолунун эң башкы өзгөчөлүгү— аныктагыч сөзгө да, аныкталгыч сөзгө да мүчө уланат:

| аныктагыч: | аныкталгыч: |
|---|---|
| *бөлмөнүн* | *эшиги* |
| *odanın* | *kapısı* |
| *китептин* | *барагы* |
| *kitabın* | *sayfası* |
| *Алинин* | *үйү* |
| *Ali'nin* | *evi* |
| *Кызымдын* | *аты* |
| *Kızımın* | *adı* |

Аныкталгычка таандык мүчө жалгангандыктан, аныктооч катары колдонулуучу сөздөрдүн чөйрөсү бир кыйла кеңейет. Ошондуктан ат атоочтун калган түрлөрү, зат атоочтор (заттанган башка сөздөр), жамдама сан атоочтор да биринчи компонент (аныктооч) болуп келе берет

| | |
|---|---|
| *Айшанын көйнөгү* | *Ayşe'nin elbisesi* |
| *калемдин учу* | *kalemin ucu* |
| *анын атасы* | *onun babası* |
| *менин чөнтөгүм* | *benim cebim* |
| *биздин факультетибиз* | *bizim fakültemiz* |

Келтирилген мисалдардан байкагандай, аныктагыч сөз ат атооч сөз түркүмүнөн турса, дайыма илик жөндөмөнүн мүчөсү уланып келет, ал эми аныктагыч зат атооч сөздөрдөн турса, илик жөндөмөнүн мүчөсү кээде уланып, кээде уланбай да келе берет. Аныктагыч түгөйүнүн мүчөлүү, мүчөсүздүгү анын ачык, анык же жалпыланган маанилерине жараша болот.

Эгерде аныктагыч түгөйү белгилүү болсо, илик жөндөмөнүн мүчөсү уланат да, аныкталгычы менен болгон алакасы убактылуу болот. Бул айкашты түрк тил илиминде Belirtili isim tamlaması деген термин менен атайт. Ал эми түркологияда мындай айкаштар изафеттик конструкцияга жатат.

Эгерде аныктагыч түгөйү мүчөсүз болсо, анда ал жалпылык маанини туюндурат да, аныктагычы менен анын байланышы туруктуу болот. Анткени мындай формадагы аныктагыч дайыма аныкталгы—чынын мүнөздүү белгисин билдирип, ажырагыс байланышта болот.

Демек, биринчи сөзү атооч жөндөмөдө, экинчиси III жактын таандык мүчөсү уланган болсо, мындай изафеттик конструкция түрк тилинин грамматикасында Belirtisiz isim tamlaması деп аталат.

Мисалы:

| | |
|---|---|
| *Manas Üniversitesi* | *„Манас" университети* |
| *çay bardağı* | *чай стаканы* |
| *kalem ucu* | *калем учу* |
| *kadın ayakkabısı* | *аял бут кийими* |
| *bilgisayar sistemi* | *компьютер системасы* ж.б. |

Таандык категориясы төмөндөгүдөй маанилерди билдирет:

1. Эки тилде тең биринчи жак, жекелик сандын таандык мүчөсү кайрылуу, сүйүү, сагыныч, жалбаруу жакын саноо, урматтоо, эркелетүү маанилерин билдирет:

| | | |
|---|---|---|
| кырг.: | *жаным апам* | *акылдуум* |
| | *алтыным кызым* | *сырттаным, сиңдим* |
| | *кымбатым Атамекеним* | *о, Кумайыгым... ж.б.* |
| түрк.: | *canım kardeşim* | *güzelim Haliç* |
| | *canım yavrum* | *güzelim ormanlar* |
| | *canım memleketim* | *gözüm efendim* |

*Керемет бар сенде кышты жай кылар,* *Kerâmet var sende, kışı yaz yapan.*
*Келчи, келчи кыш чилдеде, кымбатым* *Gel, gel kara kışta, kıymetim.* *(С.Жусуев).*

2. III жактын таандык мүчөсү уланган сөз туугандык, жакындык мамилени билдирет:

| | |
|---|---|
| *падышанын уулу* | *padişahın oğlu* |
| *Алинин окуучусу* | *Ali'nin öğrencisi* |
| *апамдын сиңдиси* | *annemin kız kardeşi* |
| *мышыктын баласы* | *kedinin yavrusu* |

3. Үчүнчү жактын таандык уландысы бирөөгө кайрылууда кээде эркелетүү, тамашалоо, кээде какшыктоо маанилеринде колдонулат:

*Энекеси, балаңды карачы!* *Annesi, çocuğuna baksana!*

4. Таандык мүчө уланган заттын илик жөнөмөдөгү затка тиешелүү экендигин, менчиктелгендигин билдирет:

| | |
|---|---|
| *мугалимдин бөлмөсү* | *öğretmenin odası* |
| *Ахметтин китеби* | *Ahmet'in kitabı* |
| *баланын пальтосу* | *çocuğun paltosu* |
| *университеттин имараты* | *üniversitenin binası* |

5. Таандык мүчө уланган сөз бир бүтүндүн бөлүгүн билдирет:

| | |
|---|---|
| *адамдардын көпчүлүгү* | *insanların çoğu* |
| *аялдын чачы* | *kadının saçı* |
| *нандын жартысы* | *ekmeğin parçası* |
| *көйнөктүн жакасы* | *gömleğin yakası* |
| *бөлмөнүн эшиги* | *odanın kapısı* |

6. Орундук жана мезгилдик маанидеги сөздөр менен айкашып, орун жана мезгил жактан болгон өзгөчөлүктөрдү туюндурат:

| | |
|---|---|
| *кыштын аягы* | *kışın sonu* |
| *жолдун ортосу* | *yolun ortası* |
| *Бишкектин тургуну* | *Bişkek'in sakinlerinden* |
| *декабрдын башында* | *aralığın başlarında* |

7. Түрк тилинде, кыргыз тилинен айырмаланып, үчүнчү жактын таандык мүчөсү көптүктүн -lar (-ler) мүчөсү менен бирге келип, мезгил тактоочту уюштурат:

*Gündüz<u>leri</u> deliler gibi çalışır, gece<u>leri</u> beyler gibi eğlenir.*

*Күндүзү кулдай иштеп, кечинде хандай эс алат.*

*Akşam<u>ları</u> televizyon seyretmekten başka bir işi yok.*

*Кечинде телевизор көргөндөн башка иши жок.*

*Öğleleri yemek yemem.*

*Түшкүсүн тамак жебейм.*

8. Илик жөндөмөдөгү заттар менен 3-жактын таандык мүчөсү жалганган өздүк ат атоочтор айкашканда, окшоштуруу маанисин билдирип калат:

| | |
|---|---|
| *Алинин өзү* | *Ali'nin ta kendisi* |
| *мүдүрдүн так өзү* | *müdürün tıpkı kendisi* |

9. Таандык мүчө кыймыл атоочторго уланып, кыймыл—аракеттин атын, процессин тиешелүү жакка таандык кылып көрсөтөт:

| | |
|---|---|
| *каттын жазылышы* | *mektubun yazılması* |
| *менин келишим* | *benim gelmem* |
| *бөлмөнүн даярдалышы* | *odanın hazırlanması* |

10. Таандык мүчө жалганган кыймыл атоочтор кыймыл—аракеттик маанини эмес, атоо маанисин билдирет.

кырг.:

*Бир карашың белги берип бакыттан, бир карашың жабат күндүн түндүгүн... (К. Сабыров)*

*Ээрде олтурушу кыт куйгандай бекем. (Т. Сыдыкбеков)*

*Төгүлүүңдү баса албайт күн аптабы. (К. Сариева)*

*түрк.:*

*Evinize dönmenizi, akıllı uslu bir adam olmanızı isterdim.*

*Yemesine, içmesine dikkat ediyor.*

*Çocuğun gidişine, gelişine, oturuşuna, kalkışına, her şeyine karışıyor.*

11. Эки тилде тең кайталанып айтылган сын атоочтун экинчи түгөйүнө үчүнчү жактын таандык мүчөсү жалганып, заттын сын—сыпат белгисинин демейдегиден жогору экенин билдирет:

| | |
|---|---|
| *бийиктин бийиги* | *yükseğin yükseği* |
| *сулуунун сулуусу* | *güzellin güzeli* |
| *жакшынын жакшысы* | *iyinin iyisi* |
| *жамандын жаманы* | *kötünün kötüsü* |
| *акылдуунун акылдуусу* | *akıllının akıllısı* |
| *жалкоонун жалкоосу* | *tembelin tembeli* |

12. Таандык мүчө сан атооч сөздөргө жалганып, жиктөө, бөлүштүрүү же теңдештирүү, салыштыруу маанилерин билдирет:

*Жарымы меники, жарымы сеники.* *Yarısı benim, yarısı senin.*

*Алып келген алмаңдын үчтөн экиси таптакыр жарабайт.*

*Getirdiğin elmaların üçte ikisi hiçbir işe yaramaz.*

*Жоопторунун төрттөн үчү туура.* *Yanıtlarının dörtte ucu doğru.*

13. Таандык мүчө уланган сөз иликтеги сөздүн сапатын билдирет:

*Өтүктүн жылуусун тандадым.* *Çizmenin sıcak tutanını seçtim.*

*Жигиттин гүлүн танда.* *Delikanlının iyisini seç.*

*Аргымактын жакшысы азыраак оттоп, көп жуушайт, азаматтын жакшысы азыраак сүйлөп, көп тыңшайт.(Макал)*

*Yağız atın iyisi az otlayıp, çok geviş getirir, yiğidin iyisi az konuşup, çok dinler.*

14 Таандык мүчө затташкан сан атоочторго жалганып, жаш өзгөчөлүктү билдирет:

*Кырkымда окууну бүттүм, элүү бешимде үйлөндүм.*

*Kırkımda mezun oldum, elli beşimde evlendim.*

*Отузумда беш баланын энеси элем.* *Otuzumda beş çocuğumun annesiydim.???*

15. Үчүнчү жактын таандык мүчөсү сурама ат атоочторго жалганып, суроо маанисин уюштурат:

| | |
|---|---|
| *Анын эмнеси бар?* | *Onun nesi var?* |
| *Булардын канчасы сеники?* | *Bunların kaçı seninki?* |
| *Кайсынысы жакты?* | *Hangisi hoşuna gitti?* |

16. Экинчи, үчүнчү жактын таандык уландылары көбүнчө макал-лакаптарда, учкул сөздөрдө кеңири колдонулуп, речке жалпылоо маанисин киргизет.

кырг.: *Досуң миң болсо да—аз,*
*Душманың бирөө болсо да—көп.*
*Өзүңдү эр ойлосоң өзгөнү шер ойло.*
*Кеңешчи кишиң болбосо, кабыргаң менен кеңеш.*
*Акылы жок уйкучу,*
*Санаасы жок күлкүчү.*
*Калптын казаны кайнабайт.*
*Чырак өзүн жагып, журтка жагат.*

түрк.: *Açma sırrını dostuna,*
*O da söyler dostuna.*
*Adam adamdır olmasa da pulu,*
*Eşek eşektir olmasa da çulu.*
*Allah kardeşi kardeş yaratmış,*
*Kesesini ayrı yaratmış.*
*Anasına bak kızını al,*
*Kenarına bak bezini al.*
*Beş parmağın beşi bir değildir.*
*Dünya malı dünyada kalır.*
*Gülü seven dikenine katlanır.*

Жакчыл таандык мүчөлөр кош сөздөрдүн компоненттерине жалганат.

| | | | |
|---|---|---|---|
| кырг.: | *башы—көзүм* | *кирпик—чачы* | *үстү—башы* |
| | *колу—бутум* | *бою—башы* | *ичеге—карыны* |
| | *оозу—мурду* | *өңү—түсү* | *мал—мүлкүң* |
| | *тил—оозу* | *ыраң—башы* | *убакты—сааты* |
| түрк.: | *eşim dostum* | *kolum kanadım* | *evim barkım* |
| | *param pulum* | *üstüm başım* | *boyun bosun* |
| | *malın mülkün* | *elim ayağım* | *çoluk çocuğum* |
| | *kızımız kızanımız* | *yolum yoldaşım* | *başım gözüm* |

Жакчыл таандык мүчө жалганган сөздөр туруктуу сөз айкашта-рында кездешет.

кырг.: *оң көзү, ай арасы, ай башы, башы жок, мээси жок, аарынын уюгу, назары ач, каны кызуу, боору таш, жону жука, ажалы жок, ичи кара, териси тар, жең ичинен, көзү катуу, үнүң өчкүр, сары изине чөп салуу, итирейи келүү, ичи күйүү, бети ачылуу, ичи эзилүү, иши түшүү, келмеси оозунан түшүү, мууну бошоо, тиши өтүү, кой оозунан чөп албаган, ичине кара таруу айланбоо, өз көмөчүнө күл тартуу, жерден боорун көтөрүү* ж.б.

түрк.: *ayağının tozuyla, çıkmaz ayın son çarşambası, günün adamı, anasının kızı, işin olayında olmak, işin içindensıyrılmak, başına kakmak, çaresine bakmak, kolayına gelmek, sırtını dayamak, sesini çıkarmamak, saçını başını yolmak, dilinden düşürmemek, dilinden kurtulamamak, gözünden uyku akmak, dilinde tüy bitmek, gözünde tütmek, başında kavak yeli esmek, aklına gelmek, işine gelmek, işine bakmak, defterini dürmek, derdini deşmek, derdini dökmek, sırtından atmak, başından atmak, başından savmak, elinde kalmak, başında beklemek, altında kalmamak vb.*

Ошентип, келтирилген мисалдардан төмөнкүдөй жыйынтык чыга—рууга болот:

1. Эки тилде тең III жактын жекелик жана көптүк сандарында таандык мүчөлөр бирдей турпатка ээ.

Салыштыргыла: *-ы/-сы; -ı / -sı.*

2. ☐ жактагы *-ң* жакчыл таандык мүчөсүнүн ордуна түрк тилинде *-n* формасы колдонулат. Ал эми *-ng* формасы оозеки тилде жана айрым диалектилерде гана айтылат.

| | | | |
|---|---|---|---|
| Мисалы*:* | *атаң* | *baban* | *babang* |
| | *үйүң* | *evin* | *eving* |
| | *энеңер* | *anneniz* | *annengiz* |
| | *сөзүңөр* | *sözünüz* | *sözüngüz* ж.б. (**Ergin, 1994: 281**) |

3. Кыргыз тилинде таандык мүчө I жактын көптүк түрүндө *-ыбыз* болсо, түрк тилинде *-ımız* болуп колдонулат.

4. Түрк тилинде таандык жана жак мүчөнүн I жагынын жекелик түрү бири—бирине окшош болуп, *—ım* турпатында айтылат. Бул мүчөлөр өз ара контекст аркылуу гана айырмаланат. Таандык мүчө уланган сөзгө аныктооч болуп илик жөндөмөдөгү ат атооч келсе, жак мүчөдөгү сөздөн мурда атооч жөндөмөдөгү ат атооч келет.

Мисалы: *ben çocuğum* *benim çocuğum*
*ben kardeşim* *benim kardeşim* ж.б.

5. Түрк тилинде экинчи жактын таандык мүчөсүнүн жекелик түрү менен илик жөндөмөнүн мүчөсү бири—бирине окшош болуп, *-ın* турпатында айтылат. Бул мүчөлөр өз ара контекст аркылуу гана айырмаланат. Таандык мүчө уланган сөзгө аныктагыч болуп илик жөндөмөдөгү жактама ат атооч келсе, *-ın* мүчөлүү иликтеги сөз үчүнчү жактын таандык мүчөсү уланган сөздүн аныктагычы болуп келет

Мисалы: *senin çocuğun* *çocuğun annesi* (**Кононов, 1956: §109, 78 б.**)

6. Кыргыз тилинде жак мүчөнүн I жагынын көптүк түрү менен таандык мүчөнүн I жагынын көптүк түрү да үндүү менен аяктаган сөздөн кийин бири—бирине окшош болуп калат.

Мисалы: *биз балабыз* *биздин балабыз*
*биз ата—энебиз* *биздин ата—энебиз*

7. Кыргыз тилинде II жактын жак мүчөсүнүн жекелик сылык түрү да, көптүк түрү да үнсүз менен аяктаган этиш сөздөн кийин II жактын таандык мүчөлөрүнө окшоп кетет.

Мисалы: *сиз атыңыз — сиздин атыңыз*
*сиздер атыңыздар — сиздердин атыңыздар*

*8.* Түрк тилинде үчүнчү жактын жекелик санында таандык мүчөнүн кабатталып катар келиши байкалат :

*birisi, kimisi, çoğusu, hepisi (hepsi)* ж.б.

Мындай көрүнүш биринчи келген мүчөнүн таандык мааниси солгундап, экинчи келген мүчөнүн таандыктык маанисинин күчөтүлүшү менен түшүндүрүлөт.

9. Түркчөдө III жактын көптүк түрү *onların babaları, onların anneleri* болуп, таандык мүчө көптүктүн *–lar* мүчөсү менен дайыма чогуу айтылат да сандык өзгөчөлүк менен бирге сый мамиледе экендикти да туюндурат. Түрк тилинен айырмаланып, кыргыз тилинде үчүнчү жактын таандык мүчөсү көптүк санда сандык өзгөчөлүктү кээде билдирсе, кээде билдирбейт: *алардын китеби, алардын китептери; алардын бөлмөсү, алардын бөлмөлөрү* ж.б.

10. Жалпы таандык мүчөнүн баштапкы толук формасы түрк тилинде сакталган: *arabanınki, Ahmet'inki, komşununki* ж.б. Кыргыз тилинде илик жөндө–мөнүн аяккы *н* тыбышы түшүп, кыскарган түрдө –ныкы болуп колдонулат.

11. Түрк тилинде, кыргыз тилинен айырмаланып, *-ki* мүчөсү сингармонизмге баш ийбейт.

12. Биринчи компоненти илик жөндөмөдө, экинчи компоненти III жактын таандык мүчөсүндө турган изафеттик конструкцияны түрк тил илиминде **Belirtili isim tamlaması** деген термин менен атайт.

Биринчи сөзү атооч жөндөмөдө, экинчиси III жактын таандык мүчөсү уланган болсо, мындай изафеттик конструкцияны түрк тил илиминде **Belirtisiz isim tamlaması** деген термин менен атайт.

Булар кыргызча, түркчөдөгү таандык категориясында кездешкен өзгөчөлүктөр болуп эсептелет. Көрүнүп тургандай, таандыктын грамма–тикалык формаларында кездешкен айрым айырмачылыктарга карабас–тан, таандык маанинин туюнтулушунда түрк тили менен кыргыз тилинин ортосунда орун алган жалпылык басымдуулук кылат.

## АДАБИЯТТАР


КОНОНОВ А.Н. (1956) Грамматика современного турецкого языка. М.–Л., стр. 67–73.

ЩЕРБАК А.М. (1977) **Очерки по сравнительной морфологии тюркских языков (имя)**. –Л.

Nurettin KOÇ. (1992) **Yeni dil bilgisi**. İstanbul.

Nurettin KOÇ. (1994), 251-252 б.

Haydar EDISKUN. (1996) **Türk dilbilgisi**. İstanbul.

Muharrem ERGIN. (1988) **Universiteler için Türk dili**. İstanbul, 381-383-6.

Muharrem ERGIN. (2001) **Universiteler için Türk dili**. İstanbul, 281 б.

**Грамматика киргизского литературного языка**. (1987) Часть 1, Фрунзе.

Э. АБДУЛДАЕВ. (1986) **Кыргыз тили**. 137–б.

МАЙЗЕЛ (1957).

**Турецко–русский словарь.** (1977), 107 б.